# МОСКВАГА ЖУМУШ ИШТЕГЕНИ

## КЕЛГЕН МИГРАНТТАРГА ЭСКЕРТМЕ

Москвада эмгек мигранттары үчүн акысыз маалыматтык шашылыш линиясы (колл-борбор) иштейт. Анын иши Москва Өкмөтү тарабынан уюштурулат. Сиз ар кандай суроолор боюнча шашылыш линиясына кайрылсаңыз болот, анын бир нече тилде (кыргыз, тажик, өзбек жана азербайжан) сүйлөгөн кызматкерлери суроолорго жооп беришет. Эгерде Сиз бул жерде жашап, иштеп жатсаңыз, ошондой эле келүүнү пландап жатсаңыз, шашылыш линиясына кайрылсаңыз болот.

Шашылыш линиясынын адистери Сизге жардам берип, төмөнкүдөй тиешелүү суроолорго жооп беришет:

- жумуш издөө жана ишке орношуу жол-жоболору;
- эмгек ишмердүүлүгүнө патент алуу;
- миграциялык каттоого алуунун тартиби;
- Сиздин укуктарыңыз бузулганда;
- жоголгон документтерди калыбына келтирүү;
- медициналык жардам алуу боюнча зарыл иш-аракеттер;
- балдарды бала бакчаларга жана мектептерге жайгаштыруу тартиби жана башкалар.

Колл-борбордун адистери мыйзамдардагы өзгөрүүлөргө көз салып турушат жана Сизге эң актуалдуу маалыматтарды беришет.

Шашылыш линиясы күн сайын
**8:00ДӨН 20:00ГӨ ЧЕЙИН**
(Москва убактысы боюнча) иштейт.

**+7 (495) 539-25-20**

Телефон линиясынан тышкары, **ЧАТ-БОТ** бар, анда Сиз өзүңүздү кызыктырган суроолорду да бере аласыз.

QR-кодду сканерлеп, шилтеме аркылуу өтүңүз

Же шилтемени колдонуңуз
t.me/Msk_Migrant_bot

**ВЕБ-САЙТ** migrant-msk.ru акыркы маалыматтарды берет:

- жаңылыктар;
- миграциялык мыйзамдарга өзгөртүүлөр;
- маалыматтык видеороликтер;
- мигранттар үчүн эскертүү;
- жумуш сунуштары (вакансиялар).

Сайттагы маалыматтар кыргыз, тажик, өзбек, азербайжан жана молдаван тилдеринде берилген.

QR-кодду сканерлеп, бшилтеме аркылуу өтүңүз

Же шилтемени колдонуңуз
migrant-msk.ru

# МАЗМУНУ

ЖУМУШ ИЗДӨӨ ЖАНА ИШКЕ ОРНОШУУ............... ............ 5

ЕАЭБ ӨЛКӨЛӨРҮНҮН ЖАРАНДАРЫ ҮЧҮН: АРМЕНИЯ, КАЗАКСТАН, КЫРГЫЗСТАН................................. 8

БАШКА ВИЗАСЫЗ ӨЛКӨЛӨРДҮН ЖАРАНДАРЫ ҮЧҮН: АЗЕРБАЙЖАН, МОЛДОВА, ТАЖИКСТАН, ӨЗБЕКСТАН.................................................... 9

МОСКВАГА БАРАР АЛДЫНДА....................... ........................... 10

ДОКУМЕНТТЕРДИН ҮЛГҮЛӨРҮ................................ .............. 11

ЖАШАГАН ЖЕРИ БОЮНЧА КАТТОО.................................... 12

ПАТЕНТ АЛУУ......................................... ................................ 14

УНАА МЕНЕН ИШТӨӨ......................................... .................... 16

САЛЫКТАР.......................................................................... 17

ШААРДАГЫ ЖҮРҮМ-ТУРУ.......................................... ................. 18

ПОЛИЦИЯ МЕНЕН КАРЫМ-КАТНАШ................. ................. 20

ДОКУМЕНТТЕРДИ ЖОГОТУУ/БУЗУУ.................................... 21

ТАРТИП БУЗУУЛАР ҮЧҮН ЖООПКЕРЧИЛИК...................... 22

МЫЙЗАМСЫЗ БОЛУП КАЛБОО ҮЧҮН.................................................................. 24

МЫЙЗАМДУУ МАКАМЫҢЫЗДЫ ЖОГОТСОҢУЗ, ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК (МЫЙЗАМСЫЗ ИММИГРАНТ БОЛУП КАЛСАҢЫЗ)......... ............................................................ 26

СИЗДИН УКУГУҢУЗДУ БУЗУУ......................... ........................ 27

ЭС АЛУУ ..................................................................................... 28

ПАЙДАЛУУ ТЕЛЕФОН НОМЕРЛЕРИ ......................................... 29

КМШ МАМЛЕКЕТТЕРИНИН МОСКВАДАГЫ КОНСУЛДУКТАРЫ ................................................................... 30

ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ЖАРАНДАР ҮЧҮН КОНТРАКТ БОЮНЧА АСКЕРДИК КЫЗМАТ ӨТӨӨ .................................... 31

САХАРОВОДОГУ КӨП ФУНКЦИОНАЛДУУ МИГРАЦИЯЛЫК БОРБОРУНА КАНТИП ЖЕТСЕ БОЛОТ ...................................................................... 32

# Москвада Сизге ылайыктуу жумушту табуунун бир нече жолу бар

Жумуш издөө үчүн Сиз атайын веб-сайттарды же бош жумуш орундары жана кызматкерлерди жалдоо боюнча жарнактарды жайгаштырган басылмаларды колдонушуңуз керек:

hh.ru
avito.ru/moskva/rabota
migranto.ru/rabota-migrantam
superjob.ru/vakansii/
rabota.ru

Сиз резюме түзө аласыз — бул жумуш издөө иш-аракетин жөнөкөйлөтөт. Резюмеңизди жазууда биринчи кезекте өзүңүздүн кесипкөйлүк ык-жөндөмүңүздү жазып көрсөтүңүз, Сиздин кесипкөйлүгүңүздү тастыктаган документтер жөнүндө маалымат бериңиз. Сахароводогу көп функционалдуу миграциялык борбордо иштеген эмгек биржасына да кайрылсаңыз болот — mc.mos.ru/info/work.
Жумушка орношууда жазуу жүзүндө келишим түзүү зарыл. Сизге эмгек келишимин же жарандык-укуктук келишим түзүүнү сунуш кылышы мүмкүн. Келишимдин бир нускасы Сизде калышы керек.

Келишим төмөнкү маалыматтарды камтууга тийиш:

- кызмат же аткарыла турган иштин сүрөттөлүшү;
- эмгек акынын же аткарылган иш үчүн сый акынын өлчөмү;
- иштеген жери;
- иш тартиби;
- патент, эгерде Сизге иштөө үчүн зарыл болсо (сериясы/номери, берилген датасы жана берген органы);
- келишимдин мөөнөтү жана аны бузуунун шарттары.

**МААНИЛҮҮ!**

Эгерде Сиз тиешелүү документтерсиз же оозеки макулдашуу менен иштесеңиз, Сизди алдап, айлыгыңызды төлөбөй коюшу мүмкүн, андан тышкары Сиз жазапул төлөп, Орусиянын аймагынан чыгарыласыз.

Эгерде Сиз патент менен иштеп жатсаңыз жана жаңы паспорт алган болсоңуз, «Сахарово» Эл аралык миграциялык борборуна келип, патентке өзгөртүү киргизишиңиз керек. Бул үчүн Эл аралык миграциялык борборунун «П» секторуна кайрылышыңыз керек, жаныңызда: паспорт жана анын нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн котормосу; патент жана патенттин колдонуу мөөнөтү үчүн салыктын төлөнгөндүгүн тастыктаган төлөм документтери/квитанциялары болушу керек.
Сиз 7 жумушчу күндүн ичинде Эл аралык миграциялык борборуна кайрылышыңыз керек. Мөөнөтү Россияга кирген күндөн (эгерде жаңы паспорт үйдө алынган болсо) же паспортту алган күндөн (эгерде паспорт Россиядагы консулдукта берилген болсо) эсептелет.



**ЭМГЕК КЕЛИШИМИ** боюнча жумушка орношууга арыз бергенде, Сиз иш берүүчүгө төмөнкү документтерди беришиңиз керек: паспорт жана анын нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн котормосу, россиялык үлгүдөгү эмгек китепчеси (эгерде бар болсо), патент жана аны төлөө боюнча чектер (эгерде Сизге иш үчүн патент керек болсо), ИНН, СНИЛС (эгерде бар болсо), билими тууралуу документтер (зарыл болсо).

**ЖАРАНДЫК-УКУКТУК КЕЛИШИМ** боюнча жазып-каттоодо Сизге төмөнкүлөр керек болот: паспорт жана анын нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн котормосу, патент жана аны төлөгөндүгү жөнүндө дүмүрчөк (эгерде Сизге жумушка патент керек болсо), ИНН, СНИЛС (эгерде бар болсо), билими жөнүндө документтер (зарыл болсо).

Жарнактын текстинин (вакансия) негизинде Сиз жумуш мыйзамдуу же мызамдуу эмеспи деген алгачкы түшүнүктү ала аласыз.

**РАСМИЙ МЫЗАМДУУ ИШТИН БЕЛГИЛЕРИ:**

- эмгек кодексине ылайык расмий каттоо же жарандык-укуктук келишим боюнча каттоо;
- келишимге кол коюлгандан кийин анын экинчи нускасын берүү;
- иштөө графигинин тактыгы жана аткарылган иштер үчүн төлөнүүчү төлөмдөрдүн өлчөмүнүн тактыгы;
- төлөмдөр банк картасына жүргүзүлөт;
- кепилдиктерди жана компенсацияларды берүү (жатакана, иштеген жерине жол кире акысы, тамак-аш)

Расмий мыйзамдуу иштин артыкчылыгы — Сизде өзүңүздүн укуктарыңыздын сакталышы боюнча кепилдиктер болот: Сиз күтүлбөгөн жерден иштен алынбайсыз, талап кылынган төлөмдөргө алданып калбайсыз, келишимде макулдашылган суммадан ашык жумуш аткарууга мажбурлашпайт.

**МЫЙЗАМСЫЗ ИШТИН БЕЛГИЛЕРИ:**

- иш берүүчү арыз берген күнү иштөөгө/тез кирешеге убада берет;
- уюмдун аталышы көрсөтүлбөсө;
- жарнакта (вакансиянын сүрөттөлүшүндө) «документсиз мүмкүн», «патенттин болушу жактырылат / Москва же Москва облусу боюнча патент», «шашылыш иш» деген сөздөр бар болсо.

Мыйзамсыз эмгектин дагы бир белгиси – бул жарнактарда «славян келбетиндеги жумушчулар керек» деген мерчемдердин көрсөтүлүшү. Кыязы, бул иш берүүчү расмий жумушка албаш үчүн, келбети боюнча Россиянын жарандарына окшош адамдарды издеп жатат дегенди билдирет.

Мыйзамсыз иштин кемчилиги – жумуш берүүчү каалаган убакта Сизди алдап, тапкан акчаңызды төлөбөй коюшу мүмкүн. Ошондой эле Сиздин ишке орношууңуз расмий эмес экениңизди жарыялашы мүмкүн, демек, анын Сиздин алдыңызда эч кандай милдеттенмеси жок. Мындан тышкары, Сиз айып пулга дуушар болушуңуз мүмкүн.

Эгерде иш берүүчү Сиздин укугуңузду бузса (иштеп тапкан акчаңызды төлөбөсө, көрсөтүлгөн иштен ашык иштөөгө мажбурласа ж.б.) – караңыз 27-бет.

Кийинки беттерде Сиз келип жаткан өлкөгө жараша жумушка орношуу үчүн кандай кадамдар бар экени айтылат; Россияга кирүүгө тыюу салынганын кантип текшерүү керек; мыйзамдуу иш үчүн кандай документтер керек.

**МААНИЛҮҮ!**

Жумуш издеп баштоодон мурун, Россияга кирүүгө эч кандай тыюу жок экенине ынануу керек.

# Эгер Сиз ЕАЭБге кирген өлкөнүн жараны болсоңуз, жумушка орношуу тартиби төмөнкүдөй болот:

## МААНИЛҮҮ!

Россияда Миграциялык картада көрсөтүлгөн сапардын максатына карабастан, жумуш таап, иштей аласыз.

Миграциялык картада келүү максатын «жумуш» деп көрсөткөн чет өлкөлүк жарандар кирген күндөн тартып 30 күндүн ичинде манжа изин каттоодон, сүрөткө түшүүдөн, медициналык кароодон өтүшү керек.

Эгерде Сиз Россияга башка максат менен кирип, бирок жумуш таап алган болсоңуз, анда ИИМдин маалымат ресурстарында Сиздин иш сапарыңыздын максаты иш берүүчүңүздөн Сиздин макулдугуңуз менен келишимди түзүү жөнүндө билдирүү келгенде, автоматтык түрдө «Ишке» өзгөрөт. Мындай учурда келишим түзүлгөн күндөн тартып 30 календардык күндүн ичинде, бирок Россияга кирген күндөн тартып 90 календардык күндөн кечиктирбестен манжа изин каттоодон, сүрөткө тартуудан жана медициналык текшерүү процедурасынан өтүшүңүз керек.

Бул процедуралардан өтүү үчүн Москванын Миграция борборуна («Сахарово» Эл аралык миграция борбору) келүү керек.

САХАРОВО КФМБна кантип жетсе болот, 15-бетти караңыз.

Жылына бир жолу медициналык кароодон өтүп, Сахарово көп функционалдуу миграциялык борборуна (Москвада иштегендер үчүн) же Ички иштер министрлигине (Москва облусунда иштегендер үчүн) маалымкаттарды берүү керек. Бул мурунку күбөлүктөрдүн мөөнөтү аяктаган күндөн тартып 30 күндүн ичинде жасалышы керек.

1. Россияга келгенден кийин миграциялык каттоодон өтүшүңүз керек (кайсыл жерде жашай тургандыгыңызды таап, ошол жерден каттоодон өтүңүз).
   Толугураак маалымат 12-13-бб.

2. Сиз камсыздандыруу күбөлүгүн (СНИЛС) жана жеке салык төлөөчүнүн номерин (ИНН) алышыңыз керек:
   - СНИЛС Россиянын Социалдык фондунун каалаган бөлүмүндө же катталган жери боюнча «Менин документтерим» КФБда берилиши мүмкүн. СНИЛСти иш берүүчү да жазып-каттап бериши мүмкүн.
   - ИНН катталган жери боюнча салык органында же катталган жери боюнча «Менин документтерим» КФБда берилет.
   - СНИЛС жана ИНН бекер берилет.

3. Жумушка орношуу үчүн кайрылууда эмгек же жарандык-укуктук келишим түзүү зарыл. Жумушка алуу үчүн Сизге паспорт, орусиялык үлгүдөгү эмгек китепчеси (эгер Сизде бар болсо жана Сиз эмгек келишимин түзүп жатсаңыз), СНИЛС жана салык төлөөчүнүн идентификациялык номери (ИНН) керек. Ошондой эле билими тууралуу документтер жана кээ бир учурларда медициналык карта да талап кылынышы мүмкүн.
   Толугураак маалымат: караңыз 5–7-бб.

ЭМИ СИЗ ИШТЕЙ АЛАСЫЗ!

# Эгер Сиз Азербайжандын, Молдованын, Тажикстандын же Өзбекстандын жараны болсоңуз, жумушка орношуу тартиби төмөнкүдөй болот:

1. Россияга келгенден кийин миграциялык каттоодон өтүшүңүз керек (кайсыл жерде жашай турганыңызды таап, ошол жерден каттоодон өтүңүз).
   ❯Толугураак маалымат 12-13-бб.

2. Россияга кирген күндөн тартып 30 күндүн ичинде Москванын Миграция борборуна («Сахарово» Эл аралык миграция борбору) патент алуу үчүн арыз берүү жана ал жерден медициналык кароодон, манжа изин каттоодон жана сүрөткө түшүүдөн өтүү керек.
   ❯Тогугураак маалымат 14-15-бб.

3. Сиз камсыздандыруу күбөлүгүн (СНИЛС) жана жеке салык төлөөчүнүн номерин (ИНН) алышыңыз керек:
   - СНИЛС Россиянын Социалдык фондунун каалаган бөлүмүндө же катталган жери боюнча «Менин документтерим» КФБда берилиши мүмкүн. СНИЛС иш берүүчү тарабынан да жазып-катталып берилиши мүмкүн.
   - ИНН патентти каттоодо ыйгарылат жана анда паспорттук маалыматтардын жанында көрсөтүлөт. ИННнин бар-жогун Федералдык салык кызматынын (Россиянын ФСК) сайтынан текшерсе болот — service.nalog.ru/inn.do
   - СНИЛС жана ИНН бекер берилет.

4. Сахарова КФМБда патент алуу.

5. Жумушка орношуу үчүн кайрылууда эмгек же жарандык-укуктук келишим түзүү зарыл. Жумушка алуу үчүн Сизге паспорт, орусиялык үлгүдөгү эмгек китепчеси (эгер Сизде бар болсо жана Сиз эмгек келишимин түзө турган болсоңуз), СНИЛС жана салык төлөөчүнүн идентификациялык номери (ИНН), патент жана аны төлөө боюнча чектер керек. Ошондой эле билими тууралуу документтер жана кээ бир учурларда медициналык карта да талап кылынышы мүмкүн.

ЭМИ СИЗ ИШТЕЙ АЛАСЫЗ!



## МААНИЛҮҮ!

Миграциялык картада көрсөтүлгөн иш сапарынын максатына карабастан, иштөө үчүн патент ала аласыз. Эгерде миграциялык картада Россияга келүү максаты катары «жумуш» көрсөтүлбөсө, патент алуу үчүн арызды толтурууда келүү максатын «ишке» өзгөртүүнү көрсөтүү керек. Ошондо Ички иштер министрлигинин маалымат ресурстарында Сиздин келген максатыңыз автоматтык түрдө өзгөрөт.

# Москвага иштегени барардан мурун кирүүгө тыюу салынбаганын текшерип алганыңыз оң

**Бул нерсени эки жол менен жасоого болот:**

1. Интернетте сервисы.гувм.мвд.рф дарегине кирип, «Чет элдик жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды Россия Федерациясынын аймагына киргизбөө үчүн негиздердин бар экендигин Россиянын Ички иштер министрлиги аркылуу текшерүү» пунктун тандаңыз, талап кылынган талааларды толтуруңуз. Мында Сиз Россияга кирүүгө тыюу салынганбы же жокпу деген маалыматты аласыз. Бул тейлөө кызматы кайсы мамлекеттик орган тыюу салганын жана эмне үчүн киргизгенин аныктоого мүмкүндүк бербейт;


2. Миграция бөлүмүнө расмий кайрылуу менен жеке кайрылуу же электрондук түрдө суроо-талап жөнөтүү. Бул үчүн Сиз Интернетте мвд.рф дарегине өтүшүңүз керек. «ОНЛАЙН КЫЗМАТТАР» бөлүмүндө «Жарандардын жана уюмдардын кайрылууларын кабыл алуу» кошумча барагын тандаңыз. Сурамдарды кабыл алуу бөлүмдөрүнүн тизмесинен «Миграция маселелери боюнча башкы башкармалыкты» тандап, «Улантуу» баскычын басып, андан аркы берилген нускамаларды аткарыңыз.

# МААЛЫМАТ

**Кирүүгө тыюу салуунун себептери төмөнкүлөр болушу мүмкүн:**

- Россияда мурунку сапарларда болуу мөөнөтүнүн шарттарынын бузулушу;
- экстремисттик жана/же террористтик уюмдардын ишмердүүлүгүнө катышкан мекендештер менен тыгыз байланышта болгон же болбосо администрациялык же кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылуу;
- өлкөдөн чыгаруу жөнүндө мурда чыгарылган чечим;
- коркунучтуу оорулардын бар экендигине медициналык текшерүүнүн оң натыйжасы.

# Мыйзамдуу расмий иш үчүн зарыл болгон негизги документтер



Подготовлено с использованием системы КонсультантПлюс

**3. СВЕДЕНИЯ О ПРИНИМАЮЩЕЙ СТОРОНЕ**

(не заполняется в случае, предусмотренном частью 3.1 статьи 22 Федерального закона "О миграционном учете иностранных граждан и лиц без гражданства в Российской Федерации")

Для принимающей стороны - организации заполняется ответственным лицом   Организация ☐   Физическое лицо ☐

Фамилия

Имя

Отчество (при их наличии)

Документ, удостоверяющий личность:

вид   серия   №

Дата выдачи: число   месяц   год

Срок действия до: число   месяц   год

(заполняется в случае ограничения срока действия документа)

Место жительства

Область, край, республика, автономный округ (область)

Район

Город или другой населенный пункт

Улица

Дом   Корпус   Строение   Квартира

Линия отрыва

Настоящим подтверждается, что

Фамилия

Имя

Отчество (при их наличии)

Гражданство, подданство

Дата рождения: число   месяц   год   Пол: мужской ☐   женский ☐

Место рождения: государство

город или другой населенный пункт

Документ, удостоверяющий личность:

вид   серия   №

Дата выдачи: число   месяц   год

Срок действия до: число   месяц   год

(заполняется в случае ограничения срока действия документа)

в установленном порядке уведомил о прибытии в место пребывания по адресу:

Область, край, республика, автономный округ (область)

Район

Город или другой населенный пункт

Улица

Корпус   Строение

Дом, участок, владение и иное (заполнить согласно документу, подтверждающему право собственности)

Квартира, комната, офис и иное (заполнить согласно документу, подтверждающему право собственности)

Заявленный срок пребывания до:

число   месяц   год

**ОТРЫВНАЯ ЧАСТЬ БЛАНКА УВЕДОМЛЕНИЯ О ПРИБЫТИИ ИНОСТРАННОГО ГРАЖДАНИНА ИЛИ ЛИЦА БЕЗ ГРАЖДАНСТВА В МЕСТО ПРЕБЫВАНИЯ**



**ОБРАЗЕЦ ЗАПОЛНЕННОЙ МИГРАЦИОННОЙ КАРТЫ**

"А" (Въезд/Arrival)

Республика Беларусь / Republic of Belarus — Российская Федерация / Russian Federation

Миграционная карта / Migration Card — Серия/Serial: РБ — №

Фамилия/Surname (Family name): С Е Р Г Е Е В А

Имя/Given name(s): Н И Н А

Отчество/Patronymic: В И К Т О Р О В Н А

Дата рождения/Date of birth: День/Day, Месяц/Month, Год/Year: 3 1 0 5 1 9 5 7

Пол/Sex: Муж./Male ☐ Жен./Female ☒

Гражданство/Nationality: У К Р А И Н А

Документ, удостоверяющий личность/Passport or other ID: 2 0 4 3 0 3 5

Номер визы/Visa number: —

Цель визита (нужное подчеркнуть) / Purpose of travel (to be underlined): Служебный/Official, Туризм/Tourism, Коммерческий/Business, Учёба/Education, Работа/Employment, Частный/Private, Транзит/Transit

Сведения о приглашающей стороне (наименование юридического лица, фамилия, имя (отчество) физического лица), населенный пункт / Name of host person or company, locality: ОДО "Моя радость" г. Минск

Срок пребывания/Duration of stay: С/From: 01-01-2007 До/To: 14-01-2007

Подпись/Signature: Сергеева

Служебные отметки/For official use only

Въезд в Республику Беларусь/Российскую Федерацию / Date of arrival in the Republic of Belarus/Russian Federation

Выезд из Республики Беларусь/Российской Федерации / Date of departure from the Republic of Belarus/Russian Federation

"Б" (Выезд/Departure)

Республика Беларусь / Republic of Belarus — Российская Федерация / Russian Federation

Миграционная карта / Migration Card — Серия/Serial: РБ — №

Фамилия/Surname (Family name): С Е Р Г Е Е В А

Имя/Given name(s): Н И Н А

Отчество/Patronymic: В И К Т О Р О В Н А

Дата рождения/Date of birth: День/Day, Месяц/Month, Год/Year: 3 1 0 5 1 9 5 7

Пол/Sex: Муж./Male ☐ Жен./Female ☒

Гражданство/Nationality: У К Р А И Н А

Документ, удостоверяющий личность/Passport or other ID: 2 0 4 3 0 3 5

Номер визы/Visa number: —

Цель визита (нужное подчеркнуть) / Purpose of travel (to be underlined): Служебный/Official, Туризм/Tourism, Коммерческий/Business, Учёба/Education, Работа/Employment, Частный/Private, Транзит/Transit

Сведения о приглашающей стороне (наименование юридического лица, фамилия, имя (отчество) физического лица), населенный пункт / Name of host person or company, locality: ОДО "Моя радость" г. Минск

Срок пребывания/Duration of stay: С/From: 01-01-2007 До/To: 14-01-2007

Подпись/Signature: Сергеева


Служебные отметки/For official use only

Въезд в Республику Беларусь/Российскую Федерацию / Date of arrival in the Republic of Belarus/Russian Federation

Выезд из Республики Беларусь/Российской Федерации / Date of departure from the Republic of Belarus/Russian Federation

**МИГРАЦИЯЛЫК КАРТА**

**ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ЖАРАНДЫН КЕЛГЕНДИГИ ЖӨНҮНДӨ БИЛДИРҮҮ**




**ПАТЕНТ** (Азербайжан, Молдова, Тажикстан жана Өзбекстандын жарандары үчүн талап кылынат).

Патентти кантип алса болот

14-бет.

# Москвада мыйзамдуу жашоо үчүн Сиз жашаган жерди таап, ушул дарек боюнча миграциялык каттоого турууңуз керек

## МААНИЛҮҮ!

Миграциялык каттоо үчүн Сиз иш жүзүндө жашаган жайда гана – эс алып, түнөгөн жерде, катталууңуз керек.

## МААНИЛҮҮ!

Чет өлкөлүк жарандар кабыл алуучу тараптан келгендиги жөнүндө билдирүүнү Көп функционалдуу борборго же түздөн-түз миграция боюнча суроолор бөлүмүнө тапшырууну суроону зарыл, же Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр порталы аркылуу жөнөтүүнү суранышы керек, анткени билдирүү почта аркылуу жөнөтүлсө, зарыл болгон маалыматтар маалымат базасына кечигүү менен киргизилип калат, бул патент алууга арыз берүүдө, өлкөдө болуу мөөнөтүн узартууда жана полиция кызматкерлери менен байланышууда кыйынчылыктарды жаратышы мүмкүн.

Кабарлоонун үлгүсү 11-бет.

## МААНИЛҮҮ!

Чет өлкөлүк жаран кабыл алуучу тарап менен турак жайды ижарага алуу келишимин түзгөн болсо, келгендиги жөнүндө билдирүүнү өзү бере алат.

Мындай жер батир, мейманкана (хостел), жатакана же кызматтык турак жай болушу мүмкүн.

Чет өлкөлүк жарандарга миграциялык каттоону кабыл алган тарап гана бере алат.

Кабыл алуучу тарап төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

- Россиянын жарандары же чет өлкөлүк жарандар үчүн менчик же пайдалануу укугу менен ээлик кылуучу жайларды берген уюмдар;
- турак жайга ээлик кылган чет өлкөлүк жарандар үй ээси болуп, башка чет өлкөлүк жарандарды (туугандарын гана эмес) да каттай алышат.

Чет өлкөлүк жарандын турган жерине келгендиги жөнүндө кабыл алуучу тарап миграциялык кызматка атайын билдирүү берет жана мындай кабарлоонун ажыратылуучу бөлүгүн кайра алат. Сиз билдирүүнүн ажыратылган бөлүгүн алышыңыз керек (көп адамдар аны «каттоо» деп аташат).

# МИГРАЦИЯЛЫК КАТТООГО ТУРУУ МӨӨНӨТҮ:

- ЕАЭБ жарандары үчүн, бул мөөнөт Россия Федерациясынын чек арасынан өткөн күндөн тартып 30 календардык күндү түзөт.
- Өзбекстандын жана Тажикстандын жарандары үчүн, бул мөөнөт Россия Федерациясынын чек арасынан өткөн күндөн тартып 15 календардык күндү түзөт.
- башка мамлекеттердин жарандары үчүн, бул мөөнөт турган жерине келген күндөн тартып 7 жумушчу күндү түзөт (чет өлкөлүк жаран иш жүзүндө жашай турган жайга жайгашуу).

**Миграциялык каттоонун мөөнөттөрүн сактабаган учурда, Сизге айып пул салынат жана Россиядан депортацияланасыз, андан ары өлкөгө 5 жылга кирүүгө тыюу салынат.**



# Сахарово КФМБга патентти каттоо үчүн кайрылууда төмөнкү документтер болушу керек:

**МААНИЛҮҮ!**

Сиз Россияга кирген күндөн тартып 30 күндүн ичинде КФМБна кайрылышыңыз керек. Эгер патентке кийин кайрылсаңыз, 10 миңден 15 миң рублга чейин жазапул төлөшүңүз керек болот.

1. Россиянын аймагына кирген паспортуңуз;
2. Миграциялык карта.

Эгерде Сиздин миграциялык картаңызда «жумуш» дегенден башка кирүү максаты көрсөтүлсө, «Сахарово» Эл аралык миграциялык борборунда патент алуу үчүн арызды толтурууда келүү максатын «жумушка» өзгөртүүнү көрсөтүү керек.

Патент алуу үчүн зарыл болгон бардык башка документтер «Сахарово» Эл аралык миграциялык борборунун аймагында даярдалат:

- патент алуу үчүн өтүнмө
- орус тилин, Россиянын тарыхын жана Россия Федерациясынын мыйзамдарынын негиздерин билгендигин тастыктаган күбөлүк
- коркунучтуу оорулардын жок экендиги жөнүндө медициналык корутунду жана ВИЧ-инфекциясынын жок экендиги жөнүндө маалымкат
- ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полиси
- паспорттун котормосу

**МААНИЛҮҮ!**

Сиз КФМБда гана медициналык кароодон өтө аласыз. Башка медициналык уюмдар тарабынан берилген медициналык маалымкаттар кабыл алынбайт.






Патенттин максималдуу жарактуу мөөнөтү 12 айды түзөт. Анын жарактуу мөөнөтү аяктагандан кийин, мурда алынган патентти кайра каттоодон өткөрүү керек (бул үчүн иш берүүчүнүн арызы керек) же Россиядан чыгып, кайра кирип, анан жаңы патент алуу керек. Патент ай сайын алдын ала төлөнүшү керек (мисалы, январь айында февраль үчүн төлөйсүз, февраль айында - март үчүн ж.б.у.с.).

## МААНИЛҮҮ!

Москвада мыйзамдуу түрдө иштөө үчүн «Сахарово» Эл аралык миграциялык борборунан патент алуу керек. Документтерди тапшырууда Москвага иштегени жатканыңызды көрсөтүңүз.

Эсиңизде болсун, «Сахарово» Эл аралык миграциялык борборунда дагы Москва облусунда иштөө үчүн патенттерди берет, андыктан документтерди толтурууда этият болуңуз.

«Сахарово» Эл аралык миграциялык борборунан патент алгандан кийин, «жарактуулук аймагы» графасында – Москвада деп көрсөтүлсө, Сиз Москвада гана иштей аласыз (анын ичинде Жаңы Москванын аймагында.

### «Сахарово» Эл аралык миграциялык борборуна КАНТИП БАРСА БОЛОТ

| | |
|---|---|
| **ДАРЕК** | Москва, Вороновское айылы, Варшавское шоссе, 64-километр, 1-курулуш, 47-имарат |
| **КООМДУК ТРАНСПОРТ** | Лесопарковая метро станциясынан МЦ1 автобусу менен (иштөө убактысынын башталышы 6:35, 18:16да аяктайт).<br>Прокшино метро станциясынан МЦ2 автобусу менен (башталышы 6:51, 19:26да аяктайт).<br>«Остафьево» МКД-2 станциясынан МЦ автобусу менен (жүрүү 6:22де башталат). Ошондой эле автобуска Подольскидеги «Ленин аянты» аялдамасынан да түшсө болот. |
| **ИШ УБАКТЫСЫ** | «Сахарово» Эл аралык миграциялык борбору жумасына жети күн 8:00дөн 20:00гө чейин ачык, бирок майрам күндөрү иштебеши мүмкүн («Сахарово» Эл аралык миграциялык борборуна баруудан мурун, анын веб-сайтынан иш убактысын караңыз). |
| **ИШ УБАКТЫСЫ ИНТЕРНЕТ-САЙТ** | mc.mos.ru/ru |
| **ТЕЛЕФОН** | +7 (495) 777-77-77 |

## МААНИЛҮҮ!

Сиз САХАРОВО КФМБга жеке гана кайрылышыңыз керек. Сиздин катышууңузсуз чыгарылган бардык КФМБнын тейлөө кызматтары мыйзамсыз болуп саналат. Ортомчуларды колдонбоңуз!

# Эгерде Сиз коммерциялык унаа тармагында иштөөнү чечсеңиз — таксиде же жүк ташуучу унааларда

### БЕЛОРУСИЯДАН, КАЗАКСТАНДАН ЖЕ КЫРГЫЗСТАНДАН КЕЛСЕҢИЗ

Бул мамлекеттердин улуттук айдоочулук күбөлүктөрү Россиянын аймагында, анын ичинде ишкердик жана эмгек ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн таанылат. Россияда иштөө үчүн россиялык үлгүдөгү айдоочулук күбөлүгүн алуунун кереги жок.

### ЭГЕРДЕ СИЗ АЗЕРБАЙЖАН, АРМЕНИЯ, МОЛДОВА,ТАЖИКСТАН ЖЕ ӨЗБЕКСТАНДАН КЕЛСЕҢИЗ

Эгер Сиз жеңил унааны жеке максатта айдасаңыз, анда орусиялык күбөлүк талап кылынбайт (бирок Сизде өз өлкөңүздүн айдоочулук күбөлүгү болушу керек). Эгерде Сиздин жумушуңуз унаа айдоо менен байланыштуу болсо, анда Сиз улуттук айдоочулук күбөлүгүңүздү Россиянын айдоочулук күбөлүгүнө алмаштырышыңыз керек.

### УЛУТТУК АЙДООЧУЛУК КҮБӨЛҮГҮҢҮЗДҮ РОССИЯНЫН АЙДООЧУЛУК КҮБӨЛҮГҮНӨ АЛМАШТЫРГЫҢЫЗ КЕЛЕБИ?

Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо боюнча мамлекеттик инспекциясынын (ЖККК) аймактык башкармалыгына арыз менен кайрылыңыз. Ал жерде паспортуңузду жана анын орус тилине нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн котормосун, улуттук айдоочулук күбөлүгүн, миграциялык каттоо жөнүндө билдирүүнү жана мамлекеттик алым төлөнгөндүгү тууралуу дүмүрчөктү көрсөтүү керек. Ошондой эле медициналык кароодон өтүү зарыл. Андан кийин Сиз кесипкөйлүгүңүздү ырастоо үчүн теориялык жана практикалык экзамендерди тапшырышыңыз керек. Экзамендерди ийгиликтүү тапшырсаңыз, Россиянын айдоочулук күбөлүгүн аласыз.

## МААНИЛҮҮ!

Жолдо жүрүү эрежесин бузбоого аракет кылыңыз (жолдо жүрүү эрежеси). Үч жылдын ичинде эки жазапул алуу Россияга кирүүгө тыюу салышы мүмкүн.

### АЙДООЧУЛУК КҮБӨЛҮГҮҢҮЗ ЖОКПУ?

Анда Сиз автомектепте окуп, унаа каражатын башкаруу укугу үчүн сынактан ийгиликтүү өтүшүңүз керек.

# Эгер сиз патент менен иштеп жатсаңыз, анда иш берүүчү айлагыңыздан кармап алган салык өлчөмүнөн сизди патент үчүн төлөмдөрүңүздүн өлчөмүн азайтууга акыңыз бар

Бул үчүн Сиз жумуш берүүчүңүзгө (бухгалтерияга) эмгек акыдан кармалып турган салыктын суммасын (13%) патент үчүн төлөнгөн төлөмдөрдүн суммасына азайтуу боюнча арыз беришиңиз керек. Арызга патент төлөмү жөнүндө дүмүрчөктүн көчүрмөлөрү тиркелүүгө тийиш.

**МИСАЛЫ:**

Сиздин айлыгыңыз **80 000 РУБЛЬ**.

Сиз ай сайын патентке **7500 ₽** төлөйсүз.

Жеке киреше салыгы (НДФЛ) = **10 400 ₽**.

Сиз колуңузга 80 000 ₽ – 10 400 ₽ (жеке киреше салыгы - НДФЛ) = **69 600 ₽** аласыз.

Салыкты азайтуу процедурасынан кийин анын суммасы 10 400 ₽ – 7 500 ₽ = **2 900 ₽** болот.

Сиз колуңузга 80 000 ₽ – 2900 ₽ = **77 100 ₽** аласыз.

Сиз жумушка алынгандан кийин каалаган убакта салыкты төмөндөтүү үчүн кайрыла аласыз. Иш берүүчү өз кезегинде салык органына патент үчүн төлөгөн авансыңызды эсептөөгө уруксат сурап арыз берет.

Арызды жыл сайын (1-январдан 31-декабрга чейин), бирок бир жумуш берүүчү аркылуу бир жолу гана бере аласыз.

Эгерде Сиз жыл ичинде жумушуңузду алмаштырсаңыз жана мурунку иш берүүчүңүздөн салыкты азайтуу үчүн арыз берген болсоңуз, анда жаңы иштеген жериңизде Сиз келерки жылы гана салыкты азайтуу үчүн арыз бере аласыз.

**МААНИЛҮҮ!**

Иш берүүчү Федералдык салык кызматынан тиешелүү уруксат алса, салыктын суммасын азайтат.

# Мыйзамдарды так аткаргыла. Болбосо, Сиз Россиядан чыгарылып, андан кийин биротоло же бир нече жылга кирүүңүзгө тыюу салынат.

## КӨП УЧУРАГАН ТАРТИП БУЗУУЛАР:

- коомдук жайларда спирт ичимдиктерин ичүү, баңги заттарды колдонуу жана мас абалында болуу;
- коомдук жайларда тамеки тартуу;
- таштандыларды ылайыксыз жерлерге ыргытуу;
- сүйлөшүүдө уят сөздөрдү колдонуу;
- жөө адамдардын жолдон өтүү эрежелерин бузуусу жана айдоочулардын жол кыймылынын эрежелерин бузуусу;
- батирде же көчөдө ызы-чуу;
- кечинде жана түнкүсүн, ошондой эле дем алыш күндөрү ызы-чуу иштерди жүргүзүү;
- коомдук унаада билетсиз жүрүү;
- патентсиз эмгек ишмердүүлүгүн жүргүзүү;
- Россиянын башка субъектинде иштөө үчүн берилген патент менен Москвада эмгек ишмердүүлүгүн жүргүзүү (мисалы, Москва облусунда);
- Россиянын аймагында миграциялык каттоосу жок жүрүү же алгачкы миграциялык каттоодон өткөндөн кийин өлкөдө болуу мөөнөтүн узартпоо.



## МЫЙЗАМДАРДАН ТЫШКАРЫ МОСКВАДА АЙТЫЛЫП-ЖАЗЫЛБАГАН КОШУМЧА ЭРЕЖЕЛЕР БАР. АЛАРДЫ САКТОО ДА ӨТӨ МААНИЛҮҮ.

- Эч кандай шартта өзүңүздүн диний көз караштарыңызды жана улуттук каада-салттарыңызды айланаңыздагы адамдарга таңуулабаңыз.
- Коомдук жайларда катуу сүйлөөгө болбойт. Деги эле шаарда Сиз катуу сүйлөбөшүңүз керек – Сизди маектешиңиз гана угушу керек. Ошондой эле коомдук жайларда орус тилин колдонууга аракет кылыңыз.
- Чыр-чатакка аралашпаңыз.
- Шаарга кам көрүү менен мамиле кылыңыз. Айланаңыздагы адамдарга урмат-сый менен мамиле кылыңыз. Коомдук унаада кары-картаңдарга, балалуу жүргүнчүлөргө, кош бойлуу аялдарга жана майыптарга орун бошотуңуз.



# Полиция кызматкери менен баарлашууда өз укуктарыңызды жана милдеттериңизди билип, бир нече жөнөкөй эрежелерди сактаңыз

Эгерде Сизди полиция кызматкери (анын ичинде Сиз унаа айдап бара жаткан болсоңуз, жол күзөт кызматы) токтотсо же полиция текшерүү жүргүзүп жатса, кабатыр болбоңуз. Төмөнкү документтерди көрсөтүңүз: **ПАСПОРТ, МИГРАЦИЯЛЫК КАРТА, КЕЛГЕНДИГИ ТУУРАЛУУ БИЛДИРҮҮНҮН АЙРЫП АЛА ТУРГАН БЛАНКЫ,** зарыл болсо, айдоочунун күбөлүгү.

Азербайжан, Молдова, Тажикстан жана Өзбекстандын жарандарына да патент жана аны төлөгөндүгү үчүн квитанция болушу сунушталат.

Чынында эле Сиздин алдыңызда турган полиция кызматкери экенине ынануу үчүн, Сиз андан расмий күбөлүгүн көрсөтүүнү талап кылууга укуктуусуз. Кийин анын иш-аракеттерине каршы чыгууга туура келип кала турган болсо, полиция кызматкеринин белгилерин эстеп калууга же жазып алууга аракет кылыңыз.

Полиция кызматкери протокол түзсө, анда жазылгандарды кунт коюп окуп чыгыңыз. Эгерде Сиз кандайдыр бир нерсеге макул болбосоңуз, анда протоколго каршы пикириңизди кошуп, андан кийин гана кол коюуга укугуңуз бар.

## МААНИЛҮҮ!

Маселени «расмий түрдө эмес» чечүүгө аракет кылуу (пара берүү) кылмыш болуп саналат.
Полиция кызматкери мыйзам бузуп жатат деп ойлосоңуз, ИИМдин ишеним телефонуна чалып, жагдайды түшүндүрүңүз.

**8-800-222-74-47**

# Документтерди жоготууда же бузууда иш-аракеттердин тартиби

**ПАСПОРТ**
Паспортуңуз жоголсо, жаңысын өз өлкөңүздүн консулдугунан же жарандыгы болгон өлкөңүзгө барып, кайрадан ала аласыз.
КМШ өлкөлөрүнүн Москвадагы Консулдуктары: 30-бет

Бирок алгач документтин жоголгондугун фактысын белгилөө үчүн паспортуңуз жоголгон аймактын ИИМнин бөлүмүнө кайрылышыңыз керек.
Бөлүмдөрдүн даректери: 77.мвд.рф/kontakti/ контакты-омвд-москвы

**МААНИЛҮҮ!**
Ички иштер министрлигине паспортуңузду жоготконуңуз тууралуу арыз жазып, атайын маалымдама талонун алып, анан аны менен Консулдукка барышыңыз керек.

**МИГРАЦИЯЛЫК КАРТА**
Миграциялык карта жоголгон же бузулган учурда документтин жоголгондугу (бузулганы) белгилүү болгон учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде миграциялык картанын дубликатты берүү жөнүндө арыз менен миграциялык каттоонун дареги боюнча миграция боюнча суроолор бөлүмүнө кайрылуу керек. Миграция маселелери боюнча райондук бөлүмдөрдүн даректери – 77.мвд.рф/ms/отделы-в-ао. Жаныңызда паспортуңуз жана келүү жөнүндө кабарлоо бланкы болушу керек. Сизди манжа изин каттоо иш-аракетинен өтүүгө жөнөтөт, андан кийин Сизге миграциялык картанын түпнускасынын көчүрмөсү берилет. Түпнусканын көчүрмөсү түпнуска менен бирдей күчкө ээ.

**ПАТЕНТ**
Эгерде патент жоголсо же бузулса, «Сахарово» Эл аралык миграциялык борборуна кайрылуу керек. Бул мүмкүн болушунча тезирээк жасалышы керек. Жаныңызда паспорт, анын нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн котормосу, миграциялык карта, жеке кирешe салыгын (НДФЛ) төлөгөндүгүн тастыктаган чектер болушу керек. Патенттин дубликатын алуу үчүн арыз Көп функционалдуу миграциялык борборунда жазылышы керек. Сизди манжа изин каттоо процедурасынан өтүүгө жөнөтүшөт. Патенттин дубликаты 3 жумушчу күндүн ичинде берилет. Ал патенттин күчү менен бирдей күчкө ээ. Дубликатты алууда патент салыгын төлөө тартиби өзгөрбөйт.
Бирок патенттин дубликатын алганга чейин патент үчүн төлөй беришиңиз керек.

**ЕЛҮҮ ТУУРАЛУУ БИЛДИРҮҮНҮН АЖЫРАТЫЛУУЧУ БЛАНКЫ (КАТТОО)**
Аны каттоодо турган аймактын миграция бөлүмүнөн калыбына келтирсе болот. Бул үчүн келүү тууралуу кабарлоо бланкынын түпнускасынын көчүрмөсүн алуу үчүн арыз жазуу керек. Сизди манжа изин каттоо иш-аракетинен өтүүгө жөнөтөт. Түпнусканын көчүрмөсүн кароо мөөнөтү 3 жумушчу күндү түзөт. Электрондук түрдө берилген келүү кабарлоосунун ажыратылуучу бөлүгү жоголсо же бузулса, кабыл алуучу тарап аталган билдирүүнүн ажыратылуучу бөлүгүн кайра басып чыгара алат.

**ПАТЕНТ ЖЕ ЖАЗАПУЛ ТӨЛӨГӨНҮНДҮГҮ ТУУРАЛУУ ДҮМҮРЧӨГҮ**
Сиз аны төлөмдөр жүргүзүлгөн банктын бөлүмүндө калыбына келтирсеңиз болот же бул банктын мобилдик тиркемесин колдонсоңуз болот.

**МААНИЛҮҮ!**
Бардык документтериңиздин көчүрмөсүн жана сүрөттөрүн жасап алыңыз. Бул документтер жоголгон же бузулган учурда аларды калыбына келтирүүнү жеңилдетет.

# Эң көп таралган тартип бузуулар үчүн жазалар

| | |
|---|---|
| Миграциялык каттоонун мөөнөттөрүн бузуу, Россияда жүрүү шарттарын бузуу, катталган жери боюнча жашабоо, патентсиз иштөө, миграциялык картаны жоготууга арыз бербөө | **5 000 – 7 000 РУБ.** |
| Россиянын айдоочулук күбөлүгү жок унаа менен коммерциялык алып-ташуу тармагында иштеген | **5 000 – 15 000 РУБ.** |
| Спирт ичимдиктерин ичүү, баңгизатты колдонуу, коомдук жайларда мас абалында болуу | **500 – 5 000 РУБ.** |
| Коомдук жайларда тамеки тартуу | **500 – 1 500 РУБ.** |
| Уятсыз сөздөр, кечинде жана түнкүсүн батирде ызы-чуу, ошондой эле дем алыш күндөрү | **500 – 2 000 РУБ.** |
| Билетсиз жүрүү жана төлөнбөгөн жүк | **2 000 РУБ.** |

**Жазапул салуудан тышкары, жогоруда саналып өткөн мыйзам бузуулар үчүн Россиянын аймагынан чыгарылып, 5 жылга өлкөгө кирүүгө тыюу салынышы мүмкүн.**

# МААНИЛҮҮ!

Эгерде Сиз административдик айыпка жыгылсаңыз, ал тургай анча чоң эмес укук бузуу үчүн дагы, кийинки айып РФга кирүүгө тыюу салууга алып келет.




# МААНИЛҮҮ!

Террордук жана экстремисттик уюмдар тарабынан түзүлгөн коркунуч бар. Мындай уюмдар менен байланышы бар адамдар менен байланышпаңыз! Болбосо атайын кызматтын назарына түшүп, Орусияга кирүүгө белгисиз мөөнөткө тыюу салынат же кылмышкердин өнөктөшү катары соттолуп кетесиз.
Террористтик же экстремисттик уюмдардын ишмердүүлүгү тууралуу кабардар болсоңуз, дароо полицияга 112 телефону же Федералдык коопсуздук кызматынын (ФСБ) +7 (495) 224-22-22 телефону аркылуу кабарлаңыз.

# Бардык мүнөздүү тобокелдиктер менен мыйзамсыз макамга өтүп калбоо үчүн, бир катар жөнөкөй эрежелерди сактоо керек:

- Миграция органдарында каттоодон өтүү. Бул ишти өлкөгө келгенден кийин дароо баштоо жакшы, анткени ылайыктуу турак-жайды табуу үчүн бир аз убакыт талап кылынат, кээ бир мекемелер дем алыш же майрам күндөрү иштебей калышы мүмкүн, кээ бир процедуралар көп убакытты талап кылышы мүмкүн, ошондой эле документтерди даярдоого жана аларды кабыл алууга да убакыт керек.
- Сизди кабыл алуучу тарап миграциялык каттоодон өткөрүп, келүү жөнүндө билдирүүнүн (каттоо) ажыратылуучу бөлүгүн Сизге бергендигин текшериңиз. Эгер кабыл алуучу тарап муну жасабаса, Сизде мыйзам алдында көйгөйлөр болушу мүмкүн
  Миграциялык каттоого кантип катталуу керек – 12–13-бб.
- Россияда болуу мөөнөтүн сактоо керек. Жалпы эрежелерге ылайык, чет өлкөлүк жарандар Орусияда 90 күндөн ашык эмес үзгүлтүксүз жүрө алышат. Андан кийин, жок эле дегенде, 90 күн Россиянын аймагынан чыгып, андан кийин гана кайра кайтып келүү керек. Эгер Сиз ЕАЭБ өлкөлөрүнүн жараны болсоңуз, анда Россияда 90 күндөн ашык болуу үчүн жумуш табуу керек (жумуш табуу — иш берүүчү менен келишим түзүү). Башка өлкөнүн жарандары Орусияда 90 күндөн ашык болуу үчүн, «Сахарово» Эл аралык миграциялык борборунда иштөө үчүн патент алып, анын акысын өз убагында төлөп турушу керек.
- Документтердин жарактуу мөөнөтүн көзөмөлдөп жана аларды алдын ала узартып туруу керек.
- Патент үчүн алдын ала төлөмдөрдү өз убагында төлөңүз (январь айында февраль үчүн, февралда – март үчүн жана башкалар).
- Ар дайым жаныңызда документтер болсун: паспорт, миграциялык карта, миграциялык каттоо жөнүндө билдирүү («каттоо»), патент жана аны төлөгөндүгү тууралуу квитанциялар (эгерде Сиз Россияда жүрүү үчүн жарандары патент алышы керек болгон өлкөдөн келсеңиз).
- Документтердин жана төлөм реквизиттеринин туура толтурулушуна ар дайым көңүл буруу керек. Документтерди толтурууда кандайдыр бир ката кетсе, бул алардын жараксыз болуп калышына алып келет.

- Ишке орношуу боюнча керектүү документтердин баары бүтмөйүнчө, ишке кирбеңиз.
- Бардык документтерди жазып толтурууга жана биринчи күндөрү жатаканада жашап турууга жетиштүү акчаңыз бар экенине ынаныңыз.
- Россиянын мыйзамдарын сактагыла!
- Расмий маалымат булактарына гана ишенүү керек!
- Документтерди кимдир бирөөдөн колдон сатып албоо керек — алар жасалма экени анык.

# МААНИЛҮҮ!

Расмий түрдө иштөөгө умтулуңуз (келишимге кол коюңуз жана колуңузга келишимдин экинчи нускасын алыңыз).
Эгерде Сиз керектүү документтери жок иштесеңиз, анда Сиздин айлык маянаңыз расмий жумушка караганда азыраак болот, өз укугуңузду коргой албайсыз же такыр эмгек акыңызды ала албай каласыз, эң негизгиси ар дайым Сизди кармап алып, Россиядан депортациялап, андан кийин өлкөгө кирүүгө тыюу салуу коркунучу болот.



## Чет элдик жарандар Орусияда мыйзамда белгиленгенден көп убакытка чейин жүрүшсө, мыйзамсыз иммигрант болуп калышат

- Бардык чет элдиктер Орусияда 180 күн сайын 90 күндөн ашык эмес жүрө алышат.
- Патент алган чет элдиктер патент төлөнүүчү мөөнөткө чейин Россияда жүрө алышат. Сиз Россиядан патент күчүндө болгон акыркы күндөн кечиктирбестен чыгып кетишиңиз керек.
- Россияда иштеген ЕАЭБ жарандары алар түзгөн келишимдин мөөнөтүнө чейин өлкөдө жүрө алышат. Жумуштан бошотулган учурда башка иш берүүчүнү таап, аны менен 15 күндүн ичинде расмий келишим түзүш керек. Эгерде бул аткарылбаса, жумуштан бошотулгандан кийин 15 күндөн кечиктирбестен өлкөдөн чыгып кетүү керек.

Эгерде чет элдик жаран Орусиядан өз убагында чыгып кетпесе, ал соттун чечими менен өлкөдөн чыгарылышы мүмкүн. Бул учурда ага Россияга кирүүсүнө 5 жылга тыюу салынат.

Ошондой эле, эгерде чет өлкөлүк жаран болуу мөөнөтү аяктаган күндөн тартып 30 күндүн ичинде Россиянын аймагынан чыкпаса, кирүүгө тыюу салуу чечими Ички иштер министрлиги тарабынан кабыл алынат.

Чет элдик жаран Орусиядан канчалык узак убакыт чыгып кетпесе, ошончолук көп убакытка чейин ага кирүүгө тыюу салынат.

## МААНИЛҮҮ!

Россияда жүргөндө мыйзамдуу макамыңызды калыбына келтире албайсыз.
Ошондуктан, эгерде Сиз Россияда мыйзамдык макамыңызды жоготсоңуз, өлкөдөн мүмкүн болушунча тезирээк (30 күндөн кечиктирбестен) чыгып кетишиңиз керек жана 90 күндөн кем эмес убакытка кайра өлкөгө кирбөө зарыл.

# Сиздин укуктарыңыздын бузулушу

Укугуңуз бузулду деп эсептесеңиз, юридикалык жардамга жана колдоого кайрылсаңыз болот. Мындай кызматтарды укук коргоочу уюмдар жана юристтер көрсөтөт.

## МААНИЛҮҮ!

**Эгерде Россиянын Ички иштер министрлигинин сотунун же мекемесинин Сизге каршы чыгарган чечимине макул болбосоңуз жана ага каршы чыгууну пландап жатсаңыз, мүмкүн болушунча тезирээк адистерге кайрылууңуз керек. Сизге каршы кабыл алынган чечимдерге даттануу мөөнөтүн сактоо маанилүү (көп учурда алар 10 күн).**

Полиция кызматкерлеринин иш-аракетине макул болбосоңуз, Ички иштер министрлигинин **8-800-222-74-47** ишеним телефонуна чалыңыз.

Эгерде иш берүүчү эмгек келишиминин шарттарын бузса (Сизди ашыкча иштөөгө же макулдашылган көлөмдөн ашык жумуш аткарууга мажбурласа, эмгек акыны төлөбөсө ж.б.), төмөнкү даректер боюнча кайрылсаңыз болот:

**МАМЛЕКЕТТИК ЭМГЕК ИНСПЕКЦИЯСЫ**

git77.rostrud.gov.ru

(дареги: Домодедовская көч., 24, 3- корпус)

**8-495-343-95-98**

**РАЙОНДОР АРАЛЫК ПРОКУРАТУРА**

epp.genproc.gov.ru/web/proc_77/about-the-proc/structure/proc-search?category=77

mosopen.ru/goverment/group/25

## МААНИЛҮҮ!

Мекемелерге кайрылуу үчүн
Сизде эмгек келишими болушу керек.

# Москва шаары иштөө үчүн гана эмес, эс алуу үчүн да мүмкүнчүлүктөрдү түзө алат

Шаарда ар улуттун өкүлдөрү катышкан иш-чаралар байма-бай уюштурулуп турат. Мындай иш-чаралардын программасын төмөнкү сайттардан көрө аласыз:

**МОСКВА ШААРЫНЫН УЛУТТУК САЯСАТ ЖАНА АЙМАКТАР АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР ДЕПАРТАМЕНТИMOSKVA** mos.ru/depnpol

**МОСКВА УЛУТТАР ҮЙҮ** mdn.ru

Улуттук саясат жана аймактар аралык байланыштар башкармалы-гынын социалдык тармактардагы баракчаларына жазылыңыз:

vk.com/depnpol

ok.ru/group/56105387098133

t.me/depnpol

**ӨРТ БӨЛҮМҮ** — **101**

**ПОЛИЦИЯ** — **102**

**ТЕЗ ЖАРДАМ** — **103**

**ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛ КЫЗМАТЫНЫН БИРДИКТҮҮ НОМЕРИ** — **112**

# МААНИЛҮҮ!

Чет элдик жарандарга Тез жардам кызматынын шашылыш тез жардам кызматы гана жеткиликтүү. Ден соолук көйгөйлөрүн чечүү үчүн Ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полисин сатып алуу зарыл.

ЕАЭБ өлкөлөрүнүн жумушчулары Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисине ээ жана Россиянын жарандары менен бирдей негизде акысыз медициналык жардам алышат. Полис эмгек келишимин түзгөндө гана берилиши мүмкүн экенин эске алыңыз. Полис ага кол койгон адамга гана тиешелүү (бул үй-бүлө мүчөлөрүнө тиешелүү эмес).

**ИИМДИН ИШЕНИМ ТЕЛЕФОНУ** — **8-800-222-74-47**

**САХАРОВО КФМБ** — **8-495-777-77-77**

**ФСБ** — **8-495-224-22-22**

# МААНИЛҮҮ!

ФСБнын номери пландалып жаткан же жасалган террордук чабуулдар, террористтик же экстремисттик уюмдардын ишмердүүлүгү жөнүндө ар кандай маалыматты билдирүү үчүн колдонулушу керек.

| | | |
|---|---|---|
| **ӨЗБЕКСТАНДЫН КОНСУЛДУГУ** | 2-Казачий пер., 2 | +7 (499) 230-0032<br>+7 (499) 230-0076 |
| **ӨЗБЕКСТАНДЫН ТЫШКЫ ЭМГЕК МИГРАЦИЯСЫ БОЮНЧА АГЕНТТИГИНИН ӨКҮЛЧҮЛҮГҮ** | 1-Казачий пер., 11/2 | +7 (903) 010-1338<br>+7 (925) 045-4744 |
| **АЗЕРБАЙЖАНДЫН КОНСУЛДУГУ** | Леонтьевский көчөсү, 16 | +7 (495) 629-4332<br>+7 (495) 629-1649<br>+7 (495) 629-5546 |
| **АРМЕНИЯНЫН КОНСУЛДУГУ** | Армян пер., 2 | +7 (495) 624-3243<br>+7 (495) 624-1269;<br>+7 (495) 624-1441<br>+7 (495) 624-4535 |
| **БЕЛАРУСЬ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСУЛДУГУ** | Маросейка, 17/6, корпус 4 | +7 (495) 624-7095<br>+7 (495) 777-6644 |
| **КАЗАКСТАНДЫН КОНСУЛДУГУ** | Чистопрудный бульвары, 3, корпус 3 | +7 (925) 897-7114,<br>+7 (495) 627-1812<br>(элчилик) |
| **КЫРГЫЗСТАНДЫН КОНСУЛДУГУ** | Большая Ордынка, 62, корпус 2 | +7 (925) 115-5047<br>+7 (499) 238-3304<br>+7 (499) 230-1117 |
| **КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭМГЕК МИНИСТРЛИГИНИН ӨКҮЛЧҮЛҮГҮ** | Малая Полянка, 7, корпус 5 | +7 (495) 197-7671 |
| **МОЛДОВА КОНСУЛДУГУ** | Рождественка көчөсү, 7 | + 7 (495) 790-7546 |
| **ТАЖИКСТАНДЫН КОНСУЛДУГУ** | Скатертный көчөсү, 19 | +7 (985) 740-0212 |
| **ТАЖИКСТАНДЫН ЭМГЕК МИНИСТРЛИГИНИН РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯ-СЫНДАГЫ МИГРАЦИЯ БОЮНЧА ӨКҮЛЧҮЛҮГҮ** | 2-Тверская-Ямская көчөсү, 40/3, корпус 1 | +7 (495) 967-9844 |

# Москвада жайгашкан чет элдик жарандар контракт боюнча аскердик кызмат өтөй алышат

1 жылга келишим түзүү боюнча бир жолку төлөм:

| | |
|---|---|
| **40 000 РУБЛЬ** | федералдык төлөм |
| **1 900 000 РУБЛЬ** | Москва Өкмөтүнүн төлөму |


Контракт боюнча аскердик кызматка кирген адамдарга ай сайын **260 000 РУБЛДАН** төлөнөт жана кошумча федералдык жеңилдиктер жана социалдык колдоолор менен камсыз кылынат.

Россия Федерациясынын Коргоо министрлиги менен келишим түзгөн чет элдик жарандар Россия Федерациясынын жарандыгын жөнөкөйлөтүлгөн тартипте ала алышат.

**Талапкерлерди тандоо төмөнкү дарек боюнча жүргүзүлөт:**
Москва, көч. Яблочкова, 5-үй, 1-корпус (Тимирязевская метро станциясы)
• Дүйшөмбүдөн жумага чейин саат 9:00дөн 18:00гө чейин.
• Ишемби күнү саат 9:00дөн 16:00гө чейин.
• Жекшемби күнү 9:00дөн 15:00гө чейин.

Толук маалыматты Москва Өкмөтүнүн сайтынан алса болот: contract.mos.ru, ошондой эле **117** ишеним телефону аркылуу.






## Миграция борборунун дареги:

Москва шаары, Вороновское поселогу, Варшавское шоссеси, 64-чакырым, 1-үй, 47-курулуш.

Сахароводогу Миграция борборуна Лесопарковая метро станциясынан МЦ-1 автобусу, Прокшино метро станциясынан МЦ-2 автобусу, «Остафье-во» МЦД-2 станциясынан МЦ автобусу менен Подольск аркылуу «Ленин аянты» аялдамасына токтоо менен жете аласыз.